КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУНУН
ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ
НООКЕН РАЙОНДУК
ИЧКИ ИШТЕР БӨЛҮМҮ

инд. 721200 Ноокен р-ну Масы айылы Ленин к.№9
тел. факс 03734 5-05-44

МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ЖАЛАЛ-АБАДСКОЙ ОБЛАСТИ
ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
НООКЕНСКОГО РАЙОНА

инд. 721200 Ноокенский р-н с.масы ул.Ленина №9
тел. 03734 5-05-44

28.11.21-ж. №27-6/4082
________ №________ ________катка

Кыргыз Республикасынын
Референдум жана шайлоолорду
өткөрүү боюнча борбордук
комиссиясынын торагасы
**Н.К.Шайлдабековага**

## БИЛДИРҮҮ

Ноокен райондук аймактык шайлоо комиссиясы, Ноокен РИИБнүн начальнигине билдирүү менен кайрылып, анда: 2021-жылдын 27-ноябрь күнү "Масы айылынын "Ватсап" социалдык тармагына белгисиз жаран тарабынан *Манас көчөсүндө жашаган Кадын жана анын аялы Мария, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Абдалиев Мейкинбекке агитация кылып жүрүшөт, Мейкин көчөнүн жашоочуларына стол жана стулдарды алып бере турган болуптур, Кадын көчөнүн жашоочуларын шайлоо участкасына ташып, камсыз кыла турган болуптур,"* деген аудио жазуу социалдык тармакка таркатылгандыгын көрсөтүп, бул факты боюнча мыйзам чегинде чечим кабыл алууну сураган.

Окуя боюнча топтолгон материал Ноокен райондук ички иштер бөлүмүнүн маалыматтардын бирдиктүү журналына 02-037-2021-001068 саны менен катталган.

Текшерүү мезгилинде "Мария" аттуу атуулдун өздүгү Ноокен районунун [redacted] айылынын [redacted] көчөсүнүн [redacted] үйүнүн тургуну **Тажибаева М**[redacted] **М**[redacted] экендиги аныкталып, өзүнүн түшүнүк катында: 2021-жылдын жаз айларынан бери Ноокен районунун Масы айылынын Манас көчөсүндө көчө башчысы болуп иштеп келемин. 2021-жылдын октябрь айынын аягында Ноокен районунун Масы айылынын К.Султанов көчөсүндө жайгашкан "Ата-Журт Кыргызстан" партиясынын штабынан бир аял келип, агитатор болуп иштеп бер деп сураган болчу. Мен ошол эле күнү Масы айыл өкмөтүнө келип, көчө башчысы болуп иштеген адамдар агитатор болуп иштөөгө мүмкүн эмес экендигин билип, агитатор болуп иштөөдөн баш тарткамын. Ошентип 28-ноябрь күнү боло турган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутаттарын шайлоого карата эч кайсы талапкерге агитация кылган эмесмин. Ватсап социалдык тармагына таркаган *"Манас көчөсүндө жашаган Кадын жана анын аялы Мария, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Абдалиев Мейкинбекке агитация кылып жүрүшөт"* деген аудио жазууну мен милиция кызматкерлеринен уктум. Аудио жазууну

угуп, сүйлөгөн адамды тааныдым. Ал бизге кошуна болуп жашаган Нооман аттуу кишинин үнүнө окшоду. Мен Абдалиев М[redacted] агитация кылган эмесмин. Шайлоонун үгүт иштерине аралашкан жокмун. Мага агитатор болуп иштөөгө мыйзам жол бербегендиктен, иштеген эмесмин. Нооман аттуу кошунам менен 2021-жылдын август айынын ортосунда келишпестик болуп айтышып кеткенбиз. Ошол убактан бери Нооман менен мамилебиз жакшы эмес. Анын "Ватсап" социалдык тармагына "*Манас көчөсүндө жашаган Кадын жана анын аялы Мария Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына талапкер Абдалиев Мейкинбекке агитация кылып жүрүшөт*" деген аудио жазуусу жалган маалымат. Биз жолдошум экөөбүз шайлоонун үгүт иштерине аралашкан эмеспиз, деп көрсөткөн.

Ошондой эле М.Тажибаеванын жолдошу Ботобеков К[redacted] С[redacted] дагы өзүнүн көрсөтмөсүндө жубайы М.Тажибаеванын көрсөтмөсүн бышыктаган.

Ал эми "Ватсап" социалдык тармагына "Масы айылынын *Манас көчөсүндө жашаган Кадын жана анын аялы Мария Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына талапкер Абдалиев Мейкинбекке агитация кылып жүрүшөт, Мейкин көчөнүн жашоочуларына стол жана стулдарды алып бере турган болуптур, Кадын көчөнүн жашоочуларын шайлоо участкасына ташып, камсыз кыла турган болуптур,*" деген аудио жазууну таркаткан "Нооман" аттуу жаранды тергөө кызматына камсыз кылуу боюнча тиешелүү кызматкерлерге тергөө тапшырмасы берилип, жашаган дареги боюнча барган мезгилде, ал жогоруда көрсөтүлгөн аудио жазууну ватсап аркылуу тааныштарына жибергендигин мойнуна алып, оозеки түрдө "көчөдөгү адамдардан угуп, тааныштарыма жиберип койдум деп" айтып, тергөөгө келүүдөн жана көрсөтмө берүүдөн баш тарткандыктан, бул боюнча тиешелүү материалдар чогултулуп, акт түзүлгөн. Ошол себептен "Нооман" аттуу жарандын түшүнүк катын алууга мүмкүнчүлүк болгон эмес.

Жогорудагылардын негизинде аталган факты боюнча, окуяда кылмыштын, жоруктун жана бузуулардын белгилери аныкталбагандыктан, окуя боюнча топтолгон материал сактоо үчүн номенклатуралык журналына тиркелип, НД-037-2021-000022 саны ыйгарылган.

Кошумча маалыматтар болсо билдиребиз.

Начальник
милициянын полковниги: **Мусаев А.Б.**